УДК 378.1
DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/2-487-491

**Үтүров К.Ү.**
филология илимдеринин доктору, профессор
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
Uturov39@mail.ru
**Токонбекова К.Ч.**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
gulzat.tokonbekova@mail.ru

## КЕСИПТИК – МУГАЛИМДИК МАГИСТРАТУРА БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДАГЫ САПАТ ДЕҢГЭЭЛИН КӨТӨРҮҮЧҮ ШАРТТАРДЫН БИРИ

**Аннотация:** Макалада дүйнөлүк практикага таянып академиялык магистратура менен бирге Кыргызстанда кесиптик магистратуранын долбоору сунушталат. Долбоорду ишке ашыруунун алгоритми жана анын эффективдүү болоорлугу көрсөтүлгөн.

**Негизги сөздөр:** Академиялык магистратура, Кесиптик магистратура, билим берүү системасы, окутуу программасы, долбоор, окуу планы, билим берүү стандарты.

**Үтүров К.Ү.**
доктор филологических наук, профессор
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаев
г. Бишкек
*Uturov39@mail.ru*
**Токонбекова К.Ч.**
кандидат исторических наук , доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаев
г. Бишкек
gulzat.tokonbekova@mail.ru

## ПРОФЕССИОНАЛЬНАЯ – УЧИТЕЛЬСКАЯ МАГИСТРАТУРА КАК ОДНА УСЛОВИЙ ПОЫШЕНИЯ КАЧЕСТВА В СИСТЕМЕ ОБРАЗОВАНИЯ

**Аннотация**: В статье представлен проект профессиональной магистратуры в Кыргызстане наряду с академической магистратурой на основе мировой практики. Показан алгоритм реализации проекта и его эффективность.

**Ключевые слова:** Академическая магистратура, профессиональная магистратура, система образования, учебная программа, проект, учебный план, образовательный стандарт.

**Uturov K.U**
Doctor of Philological Sciences, professor
Kyrgyz State University named after. I. Arabaev
Bishkek c.

[Uturov39@mail.ru](mailto:Uturov39@mail.ru)
**Tokonbekova K.Ch.**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after. I. Arabaev
Bishkek c.
[gulzat.tokonbekova@mail.ru](mailto:gulzat.tokonbekova@mail.ru)

## PROFESSIONAL – TEACHING MASTER'S DEGREE AS ONE OF THE CONDITIONS FOR IMPROVING QUALITY IN THE EDUCATION SYSTEM

**Abstract:** The article presents a project of a professional master's degree in Kyrgyzstan along with an academic master's degree based on world practice. The algorithm of the project implementation and its effectiveness are shown.

**Keywords:** Academic master's degree, professional master's degree, education system, curriculum, project, curriculum, educational standard.

Эл аралык окуучулардын билим деңгээлин текшерүүчү программа ПИЗА 2006 жана 2015 – жылдары 15 жаштагы окуучулардын билим деңгээлин ар дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндөгү текшерүүдө Кыргызстандык окуучулар эң акыркы оорунду ээлешкен. Бул Кыргызстандагы мектеп окуучуларынын билим алуу деңгээли өтө төмөн экендигинин далили. Азыркы учурда Кыргызстан 2025 – жылы ПИЗА өткөрө турган 2025 – жылкы сынакка даярданууда. Кыргызстандагы мектеп окуучуларынын билим деңгээли азыркы учурда кандай? Кандай жол менен мектептик билим берүүнүн сапатын көтөрүүгө болот деген актуалдуу көйгөйлүү суроолорго жооп алуу жана жалпы эле Кыргызстанда мектептик билим берүүнү жана жогорку окуу жайларда сапаттуу адистерди даярдоо бүгүнкү күндүн эң маанилүү маселелеринин бири экендиги айкын ачык маселе.

Ушул көйгөйлүү маселени мүмкүн болушунча оптималдуу чечүүнүн кээ бир жолдорун талдап көрөлү.

Алар:

1) сапаттуу билим деңгээли, жогорку мугалим адис окуучуларга тиешелүү, жеткиликтүү билим бере алат;
2) чыныгы адис мугалим окутууну, билим - тарбия берүүнүн эң инновациялык модеринизацияланган педагогикалык технологияларын билим – тарбия системасында эффективдүү колдоно алат.

XXI кылымдын башында Кыргызстанда гана эмес дүйнө мамлекеттеринде мектеп мугалимдеринин «картайганы» б.а көпчүлүк учурда пенсия жаштагы мугалимдер иштеп жаткандыгы жөнүндө маалыматтар бар. Мисал катары: Италиянын мектептеринде 50 жаштан ашкан мугалимдер 57% түзөт. Евро союз мамлекеттеринин көпчүлүгүндө жашы улгайган мугалимдер иштешет. Демек,, азыркы учурда, азыркы мектептерде пенсионер мугалимдер басымдуу жана азыркы мектептерди пенионерлер «кармап» турушат, деп жыйынтык чыгарууга болот. Мугалимдик кесип жаштар үчүн жетиштүү деңгээлде кызыктуу эмес. Жогоруда көрсөтүлгөн эң негизги талап компетенттүүлүк болочок мугалимдерди атайын чыгармачылыкка багыттаган, терең фундаменталдык билим негизине таянган жана ошол эле учурда үзгүлтүксүз өзгөрүп жаткан илим жетишкендиктеринде, инновацияларга таянган адис

мугалимдерди даярдоодон башталат. Бул чоң проблеманы, агартуу системасынын көйгөйүн чечүүнүн мүмкүн болгон негизги бир шарты кесиптик мугалимдик магистрлерди даярдоодон болот деп эсептейбиз.

Азыркы мезгилде Кыргызстанда жүздөгөн бакалаврлар, адистер (специалист, өнүтүндүүлөр) эки жылдык мөөнөттө окушуп, ( сырттан окуу 2,5 жыл) магистрдик даражага ээ болушууда. Бул тармак академиялык магистратура болуп, негизги максаты илимий кызматкерлерди даярдоо болуп саналат.

Дүйнөлүк практиканы карап көрсөк аларда академиялык магистратура менен бирге профессионалдык б.а. кесиптик магистратура кеңири таралган жана окуу мөөнөттөрү 9 айдан баштап 2,5 жылга чейин созулат.

Бүгүнкү күндүн өтө татаал жана адамзаттын жашоо чөйрөсүнүн бардык тармагына таасир тийгизгеген, өзгөчө күчтүү инновациялык жана модернизациялык процесстер менен коштолгон феномен билим берүү болууда. Магистратура, магистирдик даярдык педогогикалык билим берүүнүн алдын чегинде жайлашкан жана өтө маанилүү болуп саналат. Россиянын билим-илим министри В.Фальков магистратураны Европа, Американыкындай эки түргө бөлүүнү сунуштады, бул жаңы Россиялык система академялык жана кесиптик магистратурадан турат. Бул процесс жогорку билим берүүнү реформалоо алкагында жүргүзүлөт 2022-жылдын май айында Россия болгон системасынан 19 жылдан кийин чыккандыгына байланыштуу эки деңгээлдеги билим берүү системасы жогорку окуу жайларда иштей турганын да белгилеген.

Алар: бакалавриат жана магистратура. Магистратурада окуу мөөнөтү бир жыл болушу каралган. Дүйнөлү тажырыйбага таянып, азыркы мезгилде Россияда болуп жаткан реформаларды эске алып Кыргызстанда кесиптик магистратураны киргизүү оптималдуу көрүнүш жана азыркы мезгилдин эч бир талашсыз талабы деп ачык айта алабыз. Педагогикалык билим берүүдө кесиптик магистратуранын азыркы абалы жана переспективалары, келечеги жөнүндө Е.В.Харлашина азыркы мезгилде мамлекеттин өтө приаритеттүү багыты бболоорлугун баса көрсөтөт. Кесиптик магистратураларды долбоорлоо б.а. алардын проектилерин түзүү жогорку деңгээлдеги профессорлук мугалимдер коллективи бар, илимий методикалык жактан жетиштүү өнүккөн жогорку окуу жайлары тарабынан гана аткарууга мүмкүн экендиги белгилүү. Азыркы мезгилдеги андай долбоорлордон бир канча мисал келтире кетели.

Алар: 1. Инсандык, профессианалдык өздүк өсүүгө арналган педагогикалык профилдеги магистратураны долбоорлоо;

2. педагогикалык профилдеги магистратурада индивидуалдык билим алуу проекторияларын долборлоо;

3. үзгүлтүксүз ббилим берүү системасында педагог математиктердин магистрдик программасын долборлоо.

Азыркы жогорку окуу жайларында магистратураны педагогикалык долборлоо сунуш кылынган кесиптик мугалимдик магистратуранын түрлөрү кыйла арбын.

Кесиптик мугалимдик магитратуранын түрлүү долбоорлорун анализдөөдөн кийин биздин Кыргызстан өзгөчөлүтөн эске алган, биздин шартка жана металитетке жакындашкан кесиптик мугалимдик магистратуранын үлгүсүн долбоорлоп көрөлү.

Кыргызстанда ишке ашырылып, көптөгөн бакалаврлар жана адистер окуп жаткан академиялык магистратуранын бүтүрүүчүлөр илимий кызматкер болуп иш аткарышып, илимди өнүктүрүүдө, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп жаткандары дээрлик жокко эсе.

Тескерисинче ошончолук магистранттын жок дегенде бөлүгү, кесиптик мугалимдик магистратурада билим алып аяктаса алар жалпы агартуу системасына, мектетерде кесиптик мугаилимдик билимин колдонуп, мектеп окуучуларын сапаттуу даярдоого салым кошмок,бакалавриятты бүткөндөр изилдөөлөр боюнча өздөрүн толук эмес ббилим алгандай сезишет жана анын себеби баклаврларды даярдоо программасы акыркы эки курста (3-4- курс) кесиптик, теориялык жана методологиялык билимге өтүү менен аяктагандыгы олуп саналат. Демек, кесиптин теориялык негизи, кесиптин методологиялык жана методикалык базасы, аларды өнүктүрүү мотивациясынын жетишсиздиги негизги себептерден болуп саналат, бакалавриаттын 1- 2- курсу негизинен жалпы билим берүүчү жана теориялык тарыхый илимдерди окууга негизделип көпчүлүк учурда ир модел боюнча түзүлгөн.

Кесиптик мугалимдик магистратурадан билим алгандардын компетенттүүлүгү жана анык структурасы негизинен 3 негизги компоненттен түзүлүшү зарыл:

1. конгитивдүүлүк эки;
2. иш – ракеттүүлүк;
3. инсандык, маанилүүлүк.

Кесиптик мугалимдик магистратуранын программасын түзүүдө эки концептуалдык мүмкүнчүлү колонулат жана алар билим берүүнүн максатына жана чечүүчү маселелерине ылайыктуу:

Компоненттүүлүк жана модулдук концепсиялары.

Педагогикалык долбоорлоону жардамы менен педагогика жана педагогикалык инновацилык моделдерди түзүп жана анын жыйынтыгы «максат, жыйынтык» боюна өтө жогорку корреляцияны бериши абзел. Кесиптик мугалимдик магистратураны долбоорлоо бул системалык, цикликалык, процесс жана дайыма өзгөргөн, өнүккөн шарткка жараша өзгөрүп турушу зарыл. Билим берүү программасы ар кандай система сыяктуу максаты, чечүүчү маселелерди объектиси жана предмети, шарты жана жыйынтыгынан түзүлөт.

Кесиптик мугалимдик магистратураны түзүүдө төмөнкү иш –чараларды аткаруу зарыл. Алар:

1. кесиптик мугалимдик магистратуранын окуу планын иштеп чыгуу;
2. кесиптик мугалимдик магистратуранын билим берүү стандарттарын түзүү;
3. пилоттук режимде кесиптик мугалимдик магистратуранын иштешин апробациядан өткөрүү.

Кесиптик мугалимдик магистратуранын базалык окуу илими катарында азыркы мезгилдин талабына жооп бере турган төмөнкүлөр болушу зарыл. Ал илимдер:

1. азыркы педагогикалык технологиялардын актуалдуу проблемалары;
2. илимдин тарыхы жана методоголиясы;
3. педагогикалык логиканын негиздери жана аргументациянын теориясы
4. азыркы мезгилдин перспективалуу бөлүмдөрү: а) конвергенция, интеграция, цифралаштыруу, синергетика жана жасалма интеллект.

Жогорку көрсөтүлгөн илим тармактары алгачкы долбоор жана алар такталышы, өзгөрүшү мүмкүн.

**Корутунду**

Кыргызстанда билим берүү системасындагы айрым кемчиликтерди жана мүчүлүштүктөрдү эске алуу менен академиялык магистратура менен бирге ишке ашыруу мезгилдин талабына жооп берет. Кесиптик мугалимдик магистратура өлкөдөгү билим берүү системасына олуттуу

салым кошо ала. Дүйнө өлкөлөрүндө эле кесиптик магистратураны киргизүү менен Кыргыздын билим берүү мейкиндигинде өзүнүн оордун таба алат.

**Библиографиялык тизме**


1. http: Ploshad truda.ru >2017/10/05
2. Хaралашина Е.В. профессиональная подготовка магистров педагогического образования: современные тенденции и перспективы// Ученные записки Орловского государственного университета. –2018. – N3(80). – с. 408 – 410.
3. http:// ria/ru/2023.05.19/ falkov – 1872853804.htmi
4. http://dzen. ru /a/ZbKmmqWoqZwOA7wBl
5. Михайлова Н.С. Подготовка магистрантов педагогического профиля к проектированию личностно профессионального саморазвития. //Международный журнал экспериментального образования-2022 г.-N6. –С.31-35.
6. Игропула И.Ф., Дунаненко А.Г. Проектирование индивидуальных образовательных проекторий в магистратуре педогогического профиля//Вестник Северо-Кавказского федераьного университета ,2017.-№3(63). – С.203-208
7. Одинцова Л.А.,Бронникова Л.М.,Афонина М.В.. Проектирование магистерской программы в системе непрерывного образования педагога – математика.// педагогические науки. – 2021 - № 6. – С.323 -329.
8. Хайрутдинов Р.Р. Педагогические роектирование магистратуры в современном вузе // научно – методический электронный журнал “Концепт”. – 2009. -№ 5. – С. 1- 10.


**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Асанбекова Д.Д.**